ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# КЫРГЫЗ КӨРКӨМ СӨЗ ӨНӨРҮНДӨГҮ САЛТТУУ УСТАТЧЫЛЫКТЫН МИСАЛДАРЫ

**АСКАР УУЛУ ТААЛАЙБЕК**
nsu@ktnet.kg

Кыргыз элинин көркөм сөз өнөрү эзелтен бери жашап келатканы азыр айныксыз чындык. Бул туурасында мындай бир ой айтылат: «Биздин бабаларыбыз байыртан бери түзгөн, укумдан тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастарыбыз бар: кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык, накыл акылмандык, бай санжыра, дин ырасымы, сырдуу эпиграфика, таштагы руна сымал түрлүү керез-жазуулар, ар кандай балбалдар, эзелки шаар калдыктары, асемдүү архитектура, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү, куттуу боз үй, кооз күмбөздөр, көчөттүү оюулар, залкар күү ж.б.лар – бул элибиздин накта тарыхы, дүйнөгө ызааты, көз карашы жана элибиздин накталуу бай маданияты» [2, 71-72-бб.]. Мындагы эң бир көңүлдү бурчу мурастар «кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык». Албетте, анын өнүгүү, өркүндөө тарыхында оош-кыйыш учурлар арбын болгон. Анткен менен кыргыз эли дүйнөлүк адабияттын казынасына көөнөргүс көркөм дөөлөттөрдүн далайын бере алды. Мындай дүйнөлүк мaанидеги мурастардын ичинен айтылуу эпопея «Манас» өзгөчө заңкайып, алда кайдан эле көрүнүп турат. Аны дүйнөдө теңдеши жок адабий-маданий мурас деп мактанып келебиз. Чет өлкөлөргө, башка улуттарга мактаныч катары бетибизге кармайбыз.

Ушул «Манас» эпопеясынын кылым карыткан сапарынын өзү кыргыз көркөм сөз өнөрүндө устатчылыктын өтө катуу өнүккөн салты болгондугун айгинелейт. Муну эмнеге таянып айтып жатабыз? Ойлоп көрүңүзчү, эгерде устатчылыктын өркөндүү салты болбосо, улуу муундар кийинкилерге билгенин үйрөтүп келишпесе, улуу эпопеянын мааниси конкреттүү аудиторияда, б.а. кыргыз журтунда актуалдашпаса, кандайдыр өз жашоосун жаңылабаса, зор мааниге ээ болуп, жалпы калайык-калкка арналбаса, анда «Манас» эпосу эл эсинде миңдеген жылдар бою өчпөстөн оозеки өмүр сүрө алат беле?! «Манас» эпосунун көп кылымдык жашоосунун сыры мына ушунда – устатчылыктын уланмалуу салтында, ал жандуу аткарууда муундан муунга өтүп келгенинде.

«Манас» эпосунун өмүрүн узартып, эл ичинде кылымдап айтып келишкен адамдар манасчы деп аталышкан. Манасчы туурасында мындай делет: «Манасчы» деген наам, адатта, чыгарманын биринчи бөлүмү «Манасты» же жомоктун негизги үч бөлүмүн тең («Манас», «Семетей», «Сейтек») айткан адамдарга ыйгарылат» [5, 71-б.]. Манасчылар эпосту билүү, айтуу чеберчилигине жараша бир канчага бөлүнүшкөн. Эл арасында аларды ажырымдоо үчүн үйрөнчүк манасчы, чала манасчы, чыныгы манасчы, чоң манасчы деп аташкан. Булардын өнөрүндөгү өзгөчөлүктөр туурасында «Манас» энциклопедиясынан кенен маалымат таба алабыз [5, 71-75-бб.].

Чыныгы манасчыларга Шапак, Тоголок Молдо, Багыш, Молдобасан, Мамбет ж.б. киргизишет. Чоң манасчылардан 18-кылымда жашаган Нооруз, 19-кылымда жашаган Келдибек, Тыныбек, 20-кылымда жашаган Сагымбай, Саякбайларды айта алабыз. Ушул улуу инсандардын бардыгы өмүрүнүн кайсы бир тилкесинде башкалардан үйрөнүшкөн, башкача айтканда алардын устаттары болгон. Ошондой эле булардан да өз кезегинде башкалар үйрөнүшкөн, таалим алышкан, башкача айтканда устатчылыкты аркалашкан. Маселен, С.Мусаевдин пикиринде Сагымбай менен Тоголок Молдо атактуу манасчы Тыныбектин мектебинен таалим алышкан. Ал эми Молдобасан, Ыбырайым, Багыш Сагымбайдын таасирин алган [6, 82-б.]. Окумуштуу А.Обозканов «Манасчылар да устатын бул өнөрдү толук өздөштүргөнгө чейин айлап, жылдап ээрчип жүрүшүп, өнөрү бара-бара калыптанган» [7, 249-б.] дейт. Мындан биз манасчылык өнөрдө устатчылыктын илгертен бери жашап келаткан түптүү салты болгонун туябыз. Ырасында эле кыргыз элинде манасчылардын өзүнчө мектептери да болгонун окумуштуулар айтышат. Бул кубулуштан дагы биз манасчылык өнөрдө устатчылык эзелтен орун алып келип, кийин өзүнчө мектептер формасына келгенин байкайбыз. Азыр манасчылардын Нарын, Каракол жана Түштүк мектептери бардыгы шарттуу түрдө белгиленет [5, 77-б.]. Бул кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүндөгү устатчылыктын бир чоң мисалы.

Дагы бир мисалды биз кыргыз адабиятынын тарыхындагы акындар чыгармачылыгы деген өнөгөлүү кубулуштан таба алабыз. Илгери эл ичинен чыккан поэзияга шыктуу, ыр жандуу таланттарды ырчылар, төкмөлөр деп аташкан. Демек, алардын тутунган өнөрү ырчылык, төкмөчүлүк. Бул өнөр тууралуу мындай делет: «Ырчылык (төкмөчүлүк) өнөр адамзаттын көркөм

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ойлоосунун бир бутагы катарында коомдун алгачкы баскычында эле бүчүр байлап, ар бир элд коомдук-саясий, коомдук-экономикалык түзүлүшүнө, тарыхый-турмуштук, чарбачылык, этнографиялык өзгөчөлүгүнө, улуттук, адеп-ахлактык мүнөзүнө, ой жүгүртүү, баамдоо, көркөм деңгээлине карата өйдө, ылдый калыптанып, өсүп-өнүгүү жолун басып өткөн» [3, 5-б.]. Дагы бир маалыматта мындай делет: «Төкмөчүлүк өнөрү – алдын ала даярдыксыз ар кандай көрүнүштөр жөнүндө оозеки ырдоо өнөрү. Бул өнөр ырчынын турмушту аңдап билүүсүнүн тереңдиги, ой жүгүртүү чабытынын, сөз байлыгынын ченемсиз кеңдиги, рухий толкундоосунун бийиктиги менен тыгыз байланышканда гана кеңири белгилүү чыгармалар жаралат. Төкмө акындар адетте, бир ырдаган ырын кийин кайра ырдаганда бир топ өзгөртүп ийишет, анткени ал эки учурда эки түрдүү абалда болот, ар кыл сөздөрдү, уйкаштыктарды тандайт» [4, 96-б.]. Ырчылык өнөрдө да устат-шакирт маселеси орчундуу орунду ээлеген. Айрым акындар шакирттерди жанына ээрчитип жүрүп тарбиялап чыгышкан. Кээ бир таланттар атактуу ырчылардын чеберчиликтерин эл алдында ырдаганда көрүп үйрөнүп, мыкты ырчылык дараметке жетишкен. Мындан биз акын-ырчылар жаш муундарга тикелей да, кыйыр да таалим берип, устатчылык милдет өтөп келишкенин байкайбыз. «Эл ичиндеги бул өнөрдүн «ак таңдай», «жез таңдай» аталган көрүнүктүү өкүлдөрү жаңыдан чыгып келаткан жаш талапкерлерге үлгү көрсөтүп өзүнчө эле мектептин ролун аткарган. Албетте, чоң ырчыларды, «манасчы», комузчу, обончуларды сыртынан көрүп ышкыланып, кээде ошолор менен аралаша жүрүп, алардын өрнөктүү чеберчиликтерин, ыкмасын үйрөнүп, өзүнчө өздөштүрүп, ошондон улам аларды «устаты» катары эсептегендер да шайырдык өнөрдө арбын» [7, 41-б.] дейт А.Обозканов. Бул байкоо да ырчылык өнөрдөгү устатчылык бир жактуу көрүнүш болбогонун айгинелейт.

Кыргыз ырчыларынын ичинен өз мектебин түзүп кеткен даңазалуусу катары Токтогул Сатылгановду атоого болот. Анын шакирттери Коргол, Калык, Алымкулдар болушкан. Токтогулдун акын-насаатчы катары ишмердүүлүгүн окумуштуу А.Садыков «Кыргыз адабияты» аттуу эмгегинде жакшы ачып берген [8, 63-66-бб.]. Анда минтет: «Шакирт тандоодо, тарбиялоодо Токтогулда территориялык чек болгон эмес. Ал кайсыл жерде болсо да жаштарга улуулук сөзүн айтып, акындык сырды бөлүшүүдөн тартынган да, тажаган да эмес» [8, 66-67-бб.]. Ошондой эле Калык да өзүнөн кийинки далай жаштарга таалим берип келген. Андан сабак алгандардын бири - айтылуу акын Осмонкул.

Кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгына таасир тийгизген, таалим берген адабияттык үлгүлөрдүн катарында чыгыш поэзиясынын Хафиз, Низами, Жами, Руми, Фирдоуси, Хайям өңдүү чолпон жылдыздары да бардыгын А.Турдугулов өзүнүн акындык поэзияга арналган изилдөөсүндө кеп кылат [9, 26-б.]. Ушул эле ойду атактуу акын Нурмолдого байланышта С.Алахан да белгилейт [1, 37-38-бб.]. Бул эмнеден кабар берет? Бул кыргыз акындар поэзиясынын дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүнөн да таалим алгандыгын маалымдайт. Аныгында ошентип дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрү бири-бири менен көрүнбөгөн жиптер аркылуу байланышкан. Мындан кыргыз көркөм сөз өнөрү да четте калбаган. Ушул жаатта дагы далай маалыматтарды келтирип, изилдөөлөр кылууга болоор эле.

Жогоруда айтылгандардан бизге маалым болгондой, кыргыз көркөм сөз өнөрүндө салттуу устатчылык жашап келген. Муну айрыкча манасчылыктан жана төкмө ырчылыктан таасын байкай алабыз.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**


1. Алахан С. Беш Молдо. – Б.: Айат, 2004.
2. Жусупов К. Байыркынын издери. – Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 2001.
3. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. 1-китеп. – Б.: Турар, 2009.
4. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. – Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1994.
5. Манас. Энциклопедия. Т.2. –Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.
6. Мусаев С. Эпос «Манас». – Ф.: 1979.
7. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б.: Шам, 2006.
8. Садыков А. Кыргыз адабияты. – Ф.: Мектеп, 1990.
9. Турдугулов А. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты: 10.01.01- Кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферааты. – Бишкек, 2010.